Математика жана информациялык технологиялар факультетинин АССТ кафедрасынын жыйынынын

**ПРОТОКОЛУ**

*22-октябрь, 2020-жыл.*

*Төрага:* У.Д. Молдояров
*Катчы:* М. Токтосун кызы
*Катышкандар*: АССТ кафедрасынын жана көмөкчү кафедралардын мүчөлөрү

*Күн тартиби:*
"ИВТ, ИЗБИ бакалавр жана магистрдик программалары үчүн НББПны талкулоо" деген темада тегерек столдо уюштурулган жыйынды талкуулоо

*Угулду:*

*Молдояров У.Д. (АССТ кафедрасынын башчысы, доцент):* Бугун сиздер менен "ИВТ, ИЗБИ бакалавр жана магистрдик программалары үчүн НББПны жана стратегиялык пландарын талкулоо" деген темада тегерек стол уюштуруп, 2020-2021-окуу жылы үчүн негизги билим берүү программасын жана стратегиялык пландарды сиздер менен биргеликте талкуулайлы деп жатабыз. НББП ар жыл сайын иш берүүчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөрдүн жана студенттердин сунушунун негизинде өзгөрүп жатат. Ошол себептен сиздер менен быйылкы окуу жылына катара түзүлгөн НББПсын талкуулоо зарыл болуп жатат. Биз бир нече пункттардан турган иш берүүчүлөрдөн жана студенттерден сунуштарды алдык. Ал сунуштардын үстүнөн биз дагы иштешибиз керек. Анда ИВТ магистратура багытынын программасы боюнча техника илиминин кандидаты, доцент Р.Атырова ал эми ИЗБИ бакалавр программасы үчүн улук доцент М.К. Чамашев маалымат берет.

*М.К. Чамашев (АССТ кафедрасынын доценти)*: Бугун 2020-2021-окуу жылы үчүн негизги билим берүү программасын жана стратегиялык пландарды сиздер менен биргеликте талкуулайлы деп жатабыз. Ошол себептен сиздер менен быйылкы окуу жылына карата түзүлгөн НББПсын талкуулоо зарыл болуп жатат. Сиздер дагы сунуштарды берсеңиздер. Ал сунуштардын үстүнөн биз дагы иштешибиз керек.

ИВТ магистратура багытынын программасы боюнча техника илиминин кандидаты, доцент Р.Атырова кеңири маалымат берди. Ал эми ИЗБИ бакалавр программасы үчүн Чамашев М.К. маалымат берди.

*Жарыш сөз:*

*Садыкова Т. (англис тилинин практикалык курсу кафедрасынын башчысы):* НББПдагы өзгөрүүлөрдү талкуулоо бул негизги маселелердин бири болуп саналат. Бул көмөкчү кафедралардын окутуучуларына да түздөн түз тиешелүү деп эсептейм. НББПнын максаттарына, окутуу натыйжаларына өзгөртүүлөр жүргүзүлүптүр, аны карап чыктык. Дисциплиналардын аннотациясына толуктоолорду жүргүздүк. Сиздер талап кылган маселелер боюнча биз дагы даярдады

*Эргешова Г.С. (МКПР кафедрасынын улук окутуучусу, орус тили мугалими):* НББПнын максаттарына, окутуу натыйжаларына өзгөртүүлөр киргизилиптир, аны биз дагы карап чыктык. Дисциплиналардын аннотациясына толуктоолорду жүргүздүк. Сиздер талап кылган маселелер боюнча биз дагы даярдадык. Андан сырткары компетенциялардын матрицасын, пререквизиттерди жана постреквизиттерди тактадык.

**ЧЕЧИМ:**

1. "ИВТ, ИЗБИ бакалавр жана магистрдик программалары үчүн НББПны талкулоо" деген темада тегерек столдо талкууланган сунуштар эске алынсын;
2. Аны көзөмөлдөө кафедра башчысы У.Д. Молдояровго жүктөлсүн.

Кеңешменин төрагасы: Молдояров У.Д.

Катчы: Токтосун кызы М.